11 1305а

# Молдо Кылыч.

1. Жылдыз
2. Зар заман
3. Балбак
4. Балбай баатырдын кошогу
5. Хал заман.

Инв. 11

# Мазмуну.

## Молдо Кылыч


| | бети |
|---|---|
| 1. Шилдоз. | 1-18. |
| 2. Зарзаман. | 19-62. |
| 3. Балбак. | 63-72 |
| 4. Балбай баатырдын казасы. | 73-82 |
| 5. Кал заман. | 83-95. |

...на, литер... истории
Отдел рукописей
Инв. № 1305
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 11
95 стр. 14/IV-...
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

# Ж Ы Л Д Ы З.

Жазуучу Чиштебе айлынын биринчи районинин Акдала мектебинң мугалими Ибирайым Абдылмухамедов жазды. Талды суу деген жерде 1922 жыл 29 /IX. Бул жылдыз деген ырды бир ырчы ырдаган, мындан кырк жылдар мурун ысык көлдеги бугулар текес деген жерди жердеп турган, ол убакыттар алар эсепсиз бай болгон. Укумат кыргыз[ ]дады Текестен 1882 жылы айдап түшүргөн ошанда бир ырчынын Текес менен амандашып ырдаган ыры, Караколдук Солтобай акындын

Жылдыздан жылкы ашырып,
Жыргап жүдүк заманда
Үч куштайдын бөксесүн
Жайлап жүрдүк заманда
Жыбыратып жан кулун
Байлап жүрдүк заманда
Маңкан менен Кордайды
Басып жүрдүк заманда
Жыргалды кафир шаштырды
Жылдыздан берки жериңе
Журтуң көрүшүп алып бастырды.
Жылкы жайы жылдызым
Жылкычыга кундузум
Эки-экиден күрөшкөн
Күлкүң кана кең Жылдыз
Эр азамат байланган
Түлкүң жана кең жылдыз
Жайылган койдой түлкүнду

Жарыктыгым кең жылдыз .
Жана санайм күлкүңдү
Өргүгөн койдой түлкүңдү
Өткөрө санайм күлкүңдү.
Чегирткедей түлкиңди
Ченей албайм күлкиңди.
Мукрмодн бурылыш
Бурулуп кайдан чыгайын
Толгон суунуң бели элең
Толубай журтдын жери элең
Мындан аркы жери аманбы
Эсиме сала кетейин
Ирменди сүмбе бурулди
Элиң сенден айрылып
Заманасы курылды.
Аралаш айтып кетейин
Айгыр жал менен кайнарды
Үч моюнты үч капкак
Айтып турсам мен чактап
Үч моюнту чаган сай
Күркүрбли жырынтай
Кирдели журттан айрылып
Күн чыгышта жаны бар,
Күлүмсүреп урушай
Узун булак сабирди
Айдап келе жатпайбы
Сенден аркы Садырды
Беш карагай белиңде

Байжал калдың жеринде
Чолок терек-көк терек
Чочугандай биз көчтүк
Арча аралаш талды бар
Аты уйкашы жаны бар,
Издесе мындай заман бол,
Эгиз терек аман бол.

Арада калды Аксайың
Кайсы бирге какшайын,
Кайрылгысыз заман бол.
Кайран аксай заман бол.
Арада калдык аксуубиз
Ажырай көчүп баратат

Бай Жунуштай жакшыбыз
Сенда мында турасың
Сен көргөнчө аман бол
Чикиртиниң чалдыбар
Ченей албайм жаныбар.
Чениңден көчтү атайын
Ой Табылды Тункатар
Өйүз-бүйүз күдүрүң
Гана адырдай ачып удириң
Саратан жайдын аптапта
Салкын жайлоо кайран сырт
Санаса мындай заман бол.
Салкын сыртым аман бол.

Жарыкыгым кең Текес